Бекитемин

Сабитакун Жусупбаев атындагы

орто мектебинин

директору ..................Кудайбергенова М.Ш.

.............. 2021ж

Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин класстык тарбиялык саатты өткөрүү тууралуу жобо.

Жалпы жобо

Класстык тарбиялык саат –бул класстагы жана группадагы тарбия иштеринин бир түрү, окуучуларды курчап турган дүйнөгө болгон мамилелеринин системасынын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Класстык тарбиялык саат-өзүнүн курамы жана түзүлүшү боюнча ийкемдүү болгон тарбиялык мамилелердин өз ара аракеттенүүсү болуп саналат; класс жетекчи, тарбиячы менен тарбиялануучулардын ортосундагы байланыштын формасы, анны уюштурууда педогог приоритеттүү роль ойнойт.

Класс жетекчи, тарбиячы өз классындагы жана группасындагы тарбиялык сааттын убактысын сабактардын жалпы графигине киргизет.

Окуу жылы ичинде класс жетекчи жана тарбиячы тарабынан жума сайын тарбиялык саатар өткөрүлүп. окуу жылынын класстык тарбиялык сааттардын системасын түзөт.

Класстык тарбиялык саатты өткөрүү формасын класс жетекчи жана тарбиячынын жетекчилиги астында класстык жамаат тандайт.

Класс жетекчи, тарбиячы класстык саатты даярдоодо жана өткөрүүдө анын негизги коардинатору болуп саналат жана класстык сааттын тарбиялык потенциялын ишке ашыруу үчүн жооптуу

2.Класстык тарбиялык саатын максаттары жана милдеттери

2.1. Экономика, маданият жана социялдык турмуш, өзүн таанып билүү, тууралуу реалдуу жашоонун маалыматтары боюнча билимдерин калыптандыруу.

2.2. Инсандын жарандык, атуулдук аң-сезимин, нравалык-эстетиккалык сапаттарын калыптандыруу.

2.3. Жолдошторун түшүнүүгө, аларга жардам берүү каалоосун ойготууга, койгөйлөрдү чечүүгө, баарлашууга, кызматташууга, алар менен өз ара аракеттенүүгө үйрөтүү.

2.4. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн субьективдүү жана идивидуалдуулугун калыптандыруусун көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү.

2.5. Баланы инсандык эмоционалдык жактан калыптануусуна түрткү берүү.

2.6. Балдарды таанып- билүү жана практикалык- чыгармачылык ишмердүүлүгүн билимдерин, көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө жетишүү.

3. Класстык тарбиялык сааттын функциялары

3.1. Агартуучу- окуу жылдын пландык процессине камтылбаган маалыматтар, класстык саатка толукталынат.

3.2. Болжолдоочу- курчап турган реалдуулуктун обьектилерине башкача көз карашты калыптандырат: материалдык жана руханий баалуулуктардун иерархиясын түзүү.

3.4. калыптандыруу-жогоруда аталган функциларды ишке ашыруу ; жашоо мыйзам ченемдүүлүктөрүндө өзүн баалоо адатын калыптандыруу; Топтук диалог жүргүзүү, өз оюн коргоою.

4. Класстык тарбиялык сааттын мазмуну

. Класстык тарбиялык сааттын мазмуну, максаттары, милдеттери окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана тажрыйбасына жараша болот.

5-11-класстардын класс жетекчилеринин жана тарбиячыларынын биргелешүүсү менен тарбиялык сааттар пландаштырылат, өткөн окуу жылдын окуу- тарбия иштеринин талдоосуна таянып кийинки окуу жылына карата максаттарн жана милдеттер коюлат. Окуу жылынан башаталышында салттуу иш-чара катары баардык класстарда биринчи сабак болуп, класстык саат өткөрүлөт.

Окуу жылдын аягында класстык жамаат жана ата-энелердин катышуусундагы чогулушта класс жетекчи, тарбиячы класстык тарбиялык саатын тематикаларын бирге талкуулашат.

Класстык тарбиялык саатын тематикасы ар бир чейректин аягында өзгөртүлүшү мүмкүн.

Класстык тарбиялык сааттын мазмунуна талаптар:

- Класстык тарбиялык сааттын мазмунуна жөнөөйдөн татаалга, маалыматтан баалоого , баалоодон ой жүгүртүүгө өтүү этаптарды камтуу .
- Класстык тарбиялык сааттардын жүрүшүндө класс жетекчиси, тарбиячысы өзүнүн оюн жана баасын таңуулабаш керек, окуучуларга туура чечимди кабыл алууга өбөлгө түзүү керек.
- Класстык тарбиялык сааттын мазмунун курууда окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Класстык тарбиялык сааттын мазмуну иш – аракеттердин динамикасын, суроолорду жана маалыматтарды камтууга тийиш.
- Класстык тарбиялык саатанын түрлөрүнө карабастан, оң эмоционалдуу маанай жаратуу керек. Бул окуучулардын сезимдерин, позитивдүү эмоцияларын өнүктүрөт.
- Класстык тарбиялык сааттын мазмунунда жыйынтыктоо бөлүмүнө көңүл буру керек. Класстык тарбиялык саатта окучу ага жумшалган убакытты жана өзүнүн мамилесин баалоого тийиш.

5. Класстык тарбиялык саатты уюштуруу жана өткөрүү

5.1 Класстык тарбиялык саат бир нече бөлүктөн турат:

-киришүү бөлүгү (маселе коюу)

-негизги бөлүгү (маселени чечүү үчүн маалымат менен тааныштыруу)

-корутунду бөлүгү (маселени чечүү жана турмуштагы орду)

Класстык тарбиялык саатка даярдануу, класс жетекчи, тарбиячы төмөндөгүлөрдү аткарышы керек:

- Класстык тарбиялык сааттын темасын аныктоо , колектив менен тарбиялоо иштеринин милдеттеринин негизинде анын максаттарын түзүү.
- Класстык тарбиялык сааттын мазмунуна карата талаптардын негизинде коюлган максаттарды жана милдеттерди эске алуу менен материалды кылдат тандоо.
- Класстык тарбиялык саатты даярдоо жана өткөрүү планын түзүү.
- Көрсөтмө куралдарды тандоо, музыкалык коштоо, жайларды даярдоо, маселени кароого, ачык, жеңил сүйлөшүү үчүн шарт түзүү.
- Талкууланып жаткан тема боюнча окуучулардын жана алардын ата-энелеринин досторунун улуу жана кичүү муундардын мектеп кызматкерлердин адистердин класстык саатка катышуусунун максатка ылайыктуулугун аныктоо .
- Класстык саатты даярдоо жана өткөрүү процессинде өзүнүн рол ун жана позициясын аныктоо.
- Балдардын практикалык ишмердүүлүгүндө алынган маалыматты консолидатциялоо мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо
- Класстык тарбиялык сааттты өткөрүү формалары:

  -талаш,диспут
  -талкуу, дискуссия
  -конференция
  -тегерек стол
  -суроолор жана жооптор
  -чакырылган адамдар менен жолугушуу
  -лекция
  -лекторий
  -аукцион

  Таймашуу мүнөздөгү форма
  -мелдеш( конкурс)
  -викторина
  -ШТК( КВН)
  -пайдалуу иштердин эстофетасы
  -көрүү
  -презентация
  -турнир
  -олимпиада
  -жүрүш .
  Чыгармачылык форма
  -фестиваль
  -көргөзмө
  -ооз эки
  - гезит
  -чыгармачылык эмгек
  -проектерди көргөзүү
  -юмор

-спектакль
-концерт
-ярмарка
Оюн формалары
-ролдук оюн
-окуялуу оюндар
-интеллектуалдуу
-кооптуу оюндар
Психологиялык агартуучу форма
-тренинг
-изилдөө
Кыймыл түрүндөгү форма
-көңүлдүү старттар
-чакан олимпиадалар
-меткеп олимпиадасы
-ден-ссоолук күнү, атлетика күнү ж.б
Мектептен тышкары эмгек форма
-экскурсия
-жөө жүрүш
-концерт,цирк, театралдык оюн-зоок, спектакльдерге баруу
6. Класстык тарбиялык сааттын саптын баалоо
6.1 Класстык тарбиялык сааттын сапаты тышкы жана ички критерийлер менен бааланат.
6.2 Класстык тарбиялык сааттын ички критерийлери сабактын аягында окуучулар жазган пикирлер жана эсселер боюнча бааланат.
6.3Тышкы критерийлери- тарбия иштери боюнча директордун орун басары, улуу тарбиячы тарабынан баа берилет
Класстык тарбиялык саатты өткөрүү методикасы
Класстык тарбиялык саат- булл тарбия процессинин бир формасы.Колектите жана коллектив аркылуу тарбиялоо баланын жүрүм-турумун тышкы факторлорго карата жөнгө салуу; Мисалы: коомдун эрежелерине жана коомдун көзөмөлүнө ылайыкташтыруу.Бирок, баланын жүрүм туруму, аң-сезимине өзүн-өзү башкаруусунун мативине байланыштуу

Окуу тарбиялык иштеринин ар түрдүү формасы, анын ичинде класстык тарбиялык сааты даярдоо жана өткөрүү үчүн алгоритм болушу керек. Себеби, алгоритм тарбиялык процессти роционалдуу өткөрүүгө өбөлгө түзөт.
Анын элементтери төмөндөгүдөй

1. Максаттарды жана милдеттерди аныктоо
2. Тарбиялык иштин формасын тандоо жанрды аныктоо жана окуянын аталышы
3. Психологиялык маанайды түзүү
4. Алдын ала даярдоо
5. Иш чара өткөрүү
6. 2 деңгээлдеги педогогикалык талдоо:
   1) Предметтин натыйжасын окуучулар менен бирге талкуулоо, келечектеги иш –аракеттерди долбоорлоо.

2) Катышуучулар тарабынан жүргүзүлгөн педогогикалык талдоо
Класстык тарбиялык саат төмөнкү педогогикалык милдеттерди чечүүгө өбөлгө түзөт:

1.Окуучулар тарабынан адамдын, коомдун, маданияттын, техниканын табияты жөнүндөгү билимдери менен жалпылоо.

2.Балдардын когнитивдик жана практикалык иш-аракеттердин көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн өздөштүрүүсү.

3.Баланын инсандык эмоционалдуу- сезимдеерин калыптандыруу жана өнүктүрүү.

4. Окуучунун индивидуалдык потенциалын чыгармачылык талантын жөндөмдүүлүктөрүн ачууга көмөктөшүү.

5. Класстык жамаатын калыптанышы жана өнүгүүсү.